**“БЕКИТЕМИН”**
**Доктордук жана кандидаттык**
**диссертацияларды коргоо боюнча**
**Диссертациялык кеңештин төрайымы,**
**юридика илимдеринин доктору, профессор**

___________________**Сабырова К.Ж.**

“ 30 ” _____09_____ **2024 ж.**

12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердиги адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуштаган Асанова Умутай Алибаевнанын “Кылмыш иштери боюнча коргоо тарабынан купуя сырды сактоону камсыз кылуу көйгөйлөрү” темасында диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ж.Баласагын атындагы КУУне, Б. Осмонов атындагы Джалал-Абад мамлекеттик университетине жана генерал – майор Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясына караштуу Д 12.23.668 Диссертациялык кеңештин отурумунун №17

# ПРОТОКОЛУНАН КӨЧҮРМӨ

**Бишкек шаары** **“27” сентябрь 2024 ж.**

**Катышкандар Сабырова К. Ж.** – ю.и.д.,профессор (төрайым) ( 12.00.11); **Бердалиев К. Ч.** (төрайымдын орун басары) – ю.и.д.( 12.00.11); **Абдукаримова Н. Э.** (окумуштуу катчы) – ю.и.д., доцент(12.00.08; 12.00.09); **Акимжанов Т.К.** ю.и.д., профессор (12.00.08) (онлайн); **Алымбеков Б. М.** – ю.и.д. (12.00.08; 12.00.11) (онлайн); **Бегалиев Е.Н.**– ю.и.д., профессор (12.00.09) (онлайн); **Джоробекова А. М.** – ю.и.д., профессор (12.00.08; 12.00.09) (онлайн); **Кокоева А.М.** – ю.и.д., доцент (12.00.09) (онлайн); **Токторов Э.С.** – ю.и.д., доцент (12.00.09) (онлайн); **Осмоналиев К.М.** – ю.и.д., профессор (12.00.08); **Шаршеналиев А.Ш.** – ю.и.д., профессор (12.00.08);

**Төрайым:** Диссертациялык кеңештин 13 мүчөсүнүн 11 – катышууда. анын ичинен 9-*офлайн;* 2 – *онлайн,* алардын ичинен каралып жаткан диссертациянын профили боюнча 4 илимдин доктору бар.

Базарбаев А.С., Шнарбаев Б.К. жүйөөлү себептерден улам катышышкан жок.

Бул курамда кеңешке жыйын өткөрүүгө ыйгарым укук берилген, жыйынды ачык деп эсептейли.

**Күн тартиби:**

12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердиги адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуштаган Асанова Умутай Алибаевнанын “Кылмыш иштери боюнча коргоо тарабынан купуя сырды сактоону камсыз кылуу көйгөйлөрү” темасында диссертациясын алдын ала коргоо.

Күн тартиби боюнча кандай пикирлер болот?

**Кеңештин мүчөлөрү:** Бекитүү!

**Төрайым:** Каршылык жок. Күн тартиби бекитилди. Отурумга келгендердин тизмесине ылайык диссертациялык кеңештин төмөнкү мүчөлөрү катышууда:

1. *Сабырова Кундуз Жумадиловна* - юридика илимдеринин доктору, профессор (төрайым); адистик: 12.00.11.

2. *Бердалиев Кайрат Чолпонкулович* (төрайымдын орун басары) – юридика илимдеринин доктору; адистиги: 12.00.11

3. *Абдукаримова Назира Эшмухамедовна* (окумуштуу катчы) - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиктер: 12.00.08; 12.00.09

4. *Акимжанов Талгат Курманович* - юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиктер: 12.00.08 (онлайн)

5. *Алымбеков Бактыбек Маданбекович* – юридика илимдеринин доктору, адистиги: 12.00.08; 12.00.11 (онлайн)

6. *Бегалиев Ернар Нурланович* – юридика илимдеринин доктору, профессор; адистиги: 12.00.09 (онлайн)

7. *Джоробекова Арзыгуль Мамаюнусовна* - юридика илимдеринин доктору; адистиктери: 12.00.08; 12.00.09 (онлайн)

8. *Кокоева Алмагүл Мухтарбековна* – юридика илимдеринин доктору, доцент; адистик: 12.00.09. (онлайн).

9. *Токторов Эгемберди Самидинович* - юридика илимдеринин доктору, доцент; адистиги: 12.00.09

10. *Осмоналиев Кайрат Медербекович* – юридика илимдеринин доктору, профессор; 12.00.08

11. *Шаршеналиев Асанбек Шаршеналиевич* - юридика илимдеринин доктору, профессор; 12.00.08

Ошондой эле алдын ала коргоодо юридика институтунун өкүлдөрү катышууда.

Илимий жетекчи: ю.и.д., доцент Токторов Эгемберди Самидинович.

Диссертациылк иш 29.06.2024 жылы Д 12.23.668 диссертациялык кеңеши тарабынан өндүрүшкө кабыл алынган. Төмөнкү курамдагы эксперттик комиссия дайындалган: ю.и.д., доц. Базарбаев А.С., ю.и.д., доц. Кокоева А.М., ю.и.к., доцент Камалова Л.Н. Диссертациялык кеңеш жөнүндө жобонун 52-пунктуна ылайык диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы ушул Жобонун 7-тиркемесине ылайык форма боюнча корутундусун берген. Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясында диссертацияны кароо жана корутунду берүү мөөнөтү (кеминде 15 жана 30 календардык күндөн ашпаган) бузулган эмес.

Ошондой эле Антиплагиат программасы боюнча текшерүү маалым каты бар, ишти текшерүүнүн бул баскычынан өттү деп таануу үчүн талаптарга жооп берет, диссертанттын документтери кеңешке тизме ылайык сунушталган; КР УАКнын диссертация темаларынын реестринде сунушталган тема бар, диссертант электрондук кезекке катталган, башкача айтканда, бардык талаптар аткарылган.

**Төрайым:** Сөз изденүүчү Асанова Умутай Алибаевнага берилет.

**Изденүүчү:** Саламатсыздарбы урматтуу Төрайым, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү! Сиздердин алдыңарга **“Кылмыш иштери боюнча коргоо тарабынан купуя сырды сактоону камсыз кылуу көйгөйлөрү”** аттуу диссертациялык ишти тартуулайм. Маалымат маанилүү социалдык ресурс болуп саналган азыркы мезгилде адамдардын бир катар категориялары үчүн купуя сырдын мааниси сырлардын ар түрдүүлүгүнүн кеңейишинин жана өзгөрүп жаткан коомдук мамилелердин фонунда күчөдү. Купуя сыр, коомдук көрүнүш болгондуктан, ар бир адамга таасирин тийгизбей койбойт, анткени жаңы тенденцияларды эске алуу менен купуя сыр катары корголгон маалымат, айрыкча маалыматтык технологиялар кеңири уруксатсыз жайылтуунун потенциалдуу мүмкүнчүлүгүн сунуштайт.

Адвокаттык купуя сыр акыйкат сот адилеттигинин жана квалификациялуу юридикалык жардамга (мындан ары-КЮЖ) болгон укуктун  кепилдигинин маанилүү шарты болуп

саналаарын тануу кыйын, бул учурда ушул чөйрөдө орун алган көйгөйлөрдү жоюу үчүн илимий юридикалык коомчулуктун да көңүл буруусун талап кылат.

Ошентип, адвокаттык купуя сырдын укуктук аспектилерин кыйла дискуссиялык маселелерге киргизүү керек, анткени ушул убакка чейин алар каралып жаткан чөйрөдө жогоруда көрсөтүлгөн көйгөйлөргө тийиштүү жооп алышкан эмес. Бул, анын ичинде бүгүнкү күндө илимий изилдөөлөр фрагменттик мүнөзгө ээ экендиги, адвокаттык купуя сырдын субъекттеринин ортосунда түзүлгөн татаал мамилелердин ар түрдүү көрүнүштөрүнүн жана көп түрдүүлүктүн нюанстарынын маанилүү мүнөздөмөлөрүн чагылдырган ар түрдүү коомдук мамилелердин кеңири чөйрөсүнүн шарттарында маанилүү мааниге ээ болгон купуя сырлар институтунун талаш багыттарынын бардык спектрин камтый албагандыгы менен түшүндүрүлөт. Ошондуктан, изилдөө темасына, милдеттерине жана бир катар аспектилердин иштелип чыгуу даражасына жараша колдонуудагы КЖПКнин контекстинде ишеним артуучунун укуктарын жана кызыкчылыктарын камсыз кылуу менен байланышкан адвокаттык купуя сырдын актуалдуу көйгөйлүү маселелерине, ошондой эле кийинки жылдары КМШнын айрым өлкөлөрүнүн мыйзам чыгаруучулары тарабынан киргизилген маанилүү өзгөртүүлөргө токтолуу логикалуу болуп саналат.

*Изилдөөнүн максаты* мыйзам менен корголуучу адвокаттык купуя сырдын режимин укуктук жөнгө салуу боюнча жалпы теориялык концептуалдык жоболорду комплекстүү ыкманын негизинде иштеп чыгууда, ошондой эле адвокаттык купуя сырды сактоону камсыз кылуунун кылмыш – жаза процессуалдык механизмин өркүндөтүү жана ишеним артуучуга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө маалыматтардын купуялуулугунун кепилдиктерин бекемдөө боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгууда жана киргизүүдө турат.

**Иштин илимий жаңылыгы.** Сунуш кылынган диссертациялык иш Кыргыз Республикасындагы алгачкы илимий изилдөөлөрдүн бири болуп саналат, анда КМШнын айрым өлкөлөрүнүн илимий-практикалык тажрыйбасын жалпылоого жана адвокаттык купуя сырдын укуктук режими менен байланышпаган мурда начар изилденген же каралбаган актуалдуу көйгөйлөрдү автордук түшүнүүгө негизделген адвокаттык купуя сырды комплекстүү тутумдуу концептуалдуу изилдөөгө аракет жасалган. Диссертациялык иш ишеним берүүчүдөн алынган жана мыйзам чыгаруучулар тарабынан корголууга тийиш болгон жашыруун маалыматты укуктук коргоого тиешелүү бардык артыкчылыктуу багыттары боюнча адвокаттык купуя сырдын актуалдуу көйгөйлүү аспектилерин изилдөөдө жаңы тутумдук мамилеге негизделет. Иште адвокаттык купуя сырдын жаңы укуктук режимин киргизүү аракети жасалган, бул адвокатура жөнүндө илим үчүн принципиалдуу жаңы болуп саналат. Табылган көйгөйлөрдүн, адвокаттык иш жаатындагы колдонуудагы мыйзамдардын жана кылмыш – жаза процессуалдык мыйзамдын кемчиликтеринин негизинде адвокаттык купуя сырды сактоону камсыз кылуунун кылмыш-жаза процессуалдык механизмине автордук мамиле берилген, анын алкагында КР КЖПКнин бир катар ченемдерине сунуштар киргизилген. Изилдөөдө адвокаттык ишмердүүлүк жөнүндө мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча сунуштар жазылган, алар ата мекендик мыйзам чыгаруучу үчүн да, КМШнын башка өлкөлөрү үчүн да принципиалдуу жаңы болуп саналган адвокаттык купуя сыр институтун андан ары калыптандырууга олуттуу салым кошот.

**Төрайым:** Сөз илимий жетекчи Токторов Эгемберди Самидиновичке берилет.

**Илимий жетекчи:** У.А. Асанованын диссертациясынын темасынын актуалдуулугу кылмыш - жаза сот өндүрүшү чөйрөсү үчүн маалыматтын жогорку маанилүүлүгү менен аныкталат, анын негизинде кылмыш жасоо жагдайлары жана башка маанилүү фактылар белгиленет, чечимдер кабыл алынат жана сот өндүрүшүнө катышкан адамдардын укуктарын

жана эркиндиктерин, анын ичинде мыйзам тарабынан корголуучу купуя сырга болгон укуктарын чектөөгө багытталган процессуалдык аракеттер жүргүзүлөт.

Маалымат жүгүртүүдө пайда болгон мамилелерди жөнгө салуунун натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган мыйзамдардагы болуп жаткан өзгөрүүлөр, ошондой эле изилдөө темасынын актуалдуулугун тастыктап турат. Практикалык көз караштан алганда, кылмыш – жаза сот өндүрүшүндө маалыматтын айрым түрлөрүнүн сакталышын камсыз кылуу, мындай мүмкүнчүлүк камсыз кылынган же тыюу салынган адамдардын чөйрөсүнүн айрым маалыматтарына жетүүнүн чектөө даражасын жана тартибин аныктоо сыяктуу көйгөйлөр менен байланышкан.

Изилдөөнүн максаты мыйзам менен корголуучу адвокаттык купуя сырдын режимин укуктук жөнгө салуу боюнча жалпы теориялык концептуалдык жоболорду комплекстүү ыкманын негизинде иштеп чыгууда, ошондой эле адвокаттык купуя сырды сактоону камсыз кылуунун кылмыш – жаза процессуалдык механизмин өркүндөтүү жана ишеним артуучуга квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүдө маалыматтардын купуялуулугунун кепилдиктерин бекемдөө боюнча илимий негизделген сунуштарды иштеп чыгууда жана киргизүүдө турат.

Диссертациялык иштин объектиси жана изилдөө предмети туура аныкталган. Диссертация жетиштүү методологиялык базага негизделген. Изилдөөнүн методологиялык негизи илимий билимдердин философиялык, жалпы илимий жана жеке илимий методдорунун жыйындысынан түзүлгөн. Диссертациялык изилдөөнүн ченемдик, теориялык жана эмпирикалык негиздери да талашсыз.

Иштин илимий жаңылыгы. Сунуш кылынган диссертациялык иш Кыргыз Республикасындагы алгачкы илимий изилдөөлөрдүн бири болуп саналат, анда КМШнын айрым өлкөлөрүнүн илимий-практикалык тажрыйбасын жалпылоого жана адвокаттык купуя сырдын укуктук режими менен байланышпаган мурда начар изилденген же каралбаган актуалдуу көйгөйлөрдү автордук түшүнүүгө негизделген адвокаттык купуя сырды комплекстүү тутумдуу концептуалдуу изилдөөгө аракет жасалган. Диссертациялык иш ишеним берүүчүдөн алынган жана мыйзам чыгаруучулар тарабынан корголууга тийиш болгон жашыруун маалыматты укуктук коргоого тиешелүү бардык артыкчылыктуу багыттары боюнча адвокаттык купуя сырдын актуалдуу көйгөйлүү аспектилерин изилдөөдө жаңы тутумдук мамилеге негизделет. Иште адвокаттык купуя сырдын жаңы укуктук режимин киргизүү аракети жасалган, бул адвокатура жөнүндө илим үчүн принципиалдуу жаңы болуп саналат.

Изилдөөнүн практикалык мааниси, анын тыянактары кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдарды өркүндөтүүдө ченем жаратуу процессинде; соттук практикада; жогорку окуу жайларынын студенттери үчүн кылмыш-жаза процессуалдык укук курсун окутууда, ошондой эле окуу-методикалык материалдарды даярдоодо; укук коргоо органдарынын квалификациясын жогорулатуу тутумунда колдонулушу мүмкүн. У. Асанованын диссертациясы аяктаган өз алдынча илимий изилдөө болуп саналат, анда кылмыш-жаза процессуалдык илими үчүн мааниси бар жоболордун жыйындысы камтылган, аларды практикага киргизүү кылмыш-жаза сот өндүрүшүн өркүндөтүүгө өбөлгө болот.

У.А. Асанованын “Кылмыш иштери боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү” деген темадагы диссертациясын КР УАКнын талаптарына толук жооп берген жана диссертациялык кеңеште каралышы мүмкүн болгон жаңы илимий изилдөө катары кароого болот, ал эми анын автору **Асанова Умутай Алибаевна 12.00.09** – кылмыш – жаза процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердүүлүгү адистиги боюнча юридикалык илимдердин кандидаты даражасын ыйгарууга татыктуу.

**Төрайым:** Эксперттик корутундуларды жарыялоо үчүн сөз диссертациялык кеңештин эксперттерине: Базарбаев А.С., Кокоева А.М., Камалова Л.Н. берилет.

**ю.и.д., доцент Базарбаев А.С.: "Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү"** аттуу темадагы юридика илимдердин кандидаты илимий даражасын изденүүгө сунуштаган Асанова Умутай Алибаевнанын диссертациясы Д 12.23.668 диссертациялык кеңештин профилине туура келет. Эмгекте кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү жөнүндө изилдөө жүргүзүлөт, бул 12.00.09- жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердиги адистиктин паспортунун 1.3, 1.9, 1.11, 1.39, 1.42 пункттарына толук дал келет.

**Изилдөө методдорунун диссертациянын милдеттерине шайкештиги**

1 – Милдет. Купуя сыр түшүнүгүн терең түшүнүү үчүн адабияттарды, укуктук документтерди жана башка булактарды изилдөө, ошондой эле ар түрдүү укуктук тутумдарда жашыруун сыр түшүнүгүнүн жөнгө салуусун салыштыруу жүргүзүлгөн (Анализ, салыштырма-укуктук методдор).

2 – Милдет. Кесиптик жашыруун сыр институтунун өнүгүүсүн изилдөө, жеке учурларды изилдөө аркылуу кесиптик жашыруун сырдын жалпы белгилерин аныктоого мүмкүн болду. (тарыхый-укуктук, дедуктивдик методдор)

3 – Милдет. Адвокаттык купуя сыр менен башка укуктук сырлардын айырмаларын, ар кандай сырлардын окшош жана айырмалуу өзгөчөлүктөрүн аныктоо бул милдетти аткарганга өбөлгө түздү. (Аналогия, классификация жана тутумдаштыруу методдору).

4 – Милдет. Адвокаттык ишмердүүлүктү жөнгө салган мыйзамдарды изилдөө, адвокаттык купуя сырды сактоо менен байланышкан юридикалык практикадагы чыныгы учурларды талдоо аркылуу бул милдет ишке ашырылды (укуктук анализ, эмпирикалык метод).

5 – Милдет. Адвокаттык сырды укуктук жөнгө салууда пайда болгон карама-каршылыктарды жана көйгөйлөрдү аныктоо, практикалык көйгөйлөрдү түшүнүү үчүн юристтер менен сурамжылоо жана маектерди өткөрүү менен бул милдет аткарылды (диалектикалык, социологиялык методдор).

6 – Милдет. Учурдагы көйгөйлөрдү талдоо негизинде мыйзамдарды өзгөртүү боюнча сунуштарды иштеп чыгуу, адвокаттык сырды келечекте укуктук жөнгө салуунун концептуалдык моделдерин түзүү милдетке дал келет (просностикалык метод, моделдөө).

**Иштин теориялык мааниси** жашырындуулук, купуя сыр түшүнүктөрү жана сотко чейинки өндүрүштө мыйзам менен корголуучу купуя сырга жарандардын укуктарын камсыз кылуу каражаттары жөнүндө иштелип чыккан концептуалдык жоболордун жыйындысынан турган кылмыш-жаза процессинин илимине автордун кошкон салымы менен ырасталат. Изилдөө кылмыш – жаза процессин андан ары өнүктүрүү үчүн маанилүү илимий маселени чечүүгө өбөлгө түзөт.

**Квалификациялык белгилерге туура келиши.** Диссертация 12.00.09- жазык процесси, криналистика; ыкчам-иликтөө ишмердүүлүгү адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты илимий даражасын ыйгаруу тартиби жөнүндө Жобонун 11-пунктунун талаптарына жооп берет.

**Эскертүүлөр.** Ошол эле учурда, ар кандай илимий иш сыяктуу эле, У.А. Асанованын диссертациялык изилдөөсү айрым кемчиликтерден жана талаш-тартыштардан куру эмес. Тактап айтканда, 4-чү жободо, кесиптик купуя сырды сактоону камсыз кылуунун кылмыш-жаза укуктук механизмин максималдуу ишке ашыруу үчүн иш-аракеттер сунуш кылынат. Бул жобонун мазмунуна жана көлөмүнө көңүл буруу керек, жобонун негизги маңызын гана чагылдуруу жетиштүү.

**Сунуштар.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы кандидаттык диссертацияга төмөнкүлөрдү дайындоону сунуш кылат: **Жетектөөчү уюм катары.** “Челябинск мамлекеттик университети” жогорку билим берүү федералдык мамлекеттик бюджеттик билим берүү мекемесинин укук кафедрасы Костанай филиалы (дареги: 110006, Казакстан Республикасы, Костанай облусу, Костанай шаары, А. Бородин көчөсү, 168 А) .

**Расмий оппоненттер: Кокоева Алмагүл Мухтарбековна –** юридика илимдеринин доктору, доцент

**Шимеева Жибек Шеровна** – юридика илимдеринин кандидаты доцент

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы КУУне, Б.Осмонов атындагы Джалал-Абад мамлекеттик университетине жана генерал - майор Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясына караштуу Д 12.23.668 диссертациялык кеңешине **12.00.09** – жазык процесси, криминалистика; ыкчам – иликтөө ишмердүүлүгү адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Асанова Умутай Алибаевнанын **“Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү”** деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**ю.и.д., Кокоева А.М.**: **Диссертация темасынын актуалдуулугу.** Санариптештирүү жана укуктук чөйрөдө маалыматтык-коммуникациялык технологияларды активдүү колдонуу адвокаттык купуя сырды сактоо үчүн жаңы коркунучтарды жаратууда. Маалыматтарды берүү, сактоо жана колдонуу барган сайын санариптик формада болуп жатат, бул жашыруун маалыматтын агып кетүү жана уруксатсыз кирүү коркунучун жогорулатат. Маселенин актуалдуулугу коргоо жагында турган маалыматтарды коргоонун техникалык, уюштуруучулук жана укуктук чараларын иштеп чыгуу жана колдонуу, ошондой эле аларды санариптик форматта колдонуу үчүн укуктук негиздерди белгилөө зарылдыгына байланыштуу өсүүдө. Бул колдонуудагы мыйзамдарды кайра карап чыгууну жана аны жаңы реалдуулукка ылайыкташтырууну талап кылат.

Ыкчам иликтөө ишин (ЫИИ) жана адвокаттык купуя сырды коргоону жөнгө салуучу ченемдердин өз ара аракеттенүү маселеси өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Ыкчам-издөө иш-чараларын жүргүзүү шарттарында жашыруун маалыматты соттук санкциясыз ачыкка чыгаруу коркунучу көп кездешет. Мындай аракеттер укук коргоо органдарынын кыянаттыгына жана коргонуу укугунун бузулушуна алып келиши мүмкүн. Бул көйгөйдүн актуалдуулугу белгиленген процедураны айланып өтүү менен купуя маалыматты алууга жолтоо болгон механизмдерди иштеп чыгуу зарылдыгында турат.

Эл аралык тажрыйба көрсөткөндөй, ар кандай укуктук тутумдарда адвокаттык купуя сырды коргоо маселелери ар кандай жолдор менен чечилет. Бир катар өлкөлөрдө коргоо тарабынын купуя маалыматтарын коргоону камсыз кылуу үчүн алдыңкы ыкмалар жана технологиялар кабыл алынып, активдүү колдонулууда. Бул тажрыйбаларды изилдөө жана адаптациялоо маалыматты коргоо деңгээлин олуттуу жогорулатып, эл аралык стандарттарга жооп берген жаңы чечимдерди иштеп чыгууга өбөлгө түзөт.

Ошентип, кылмыш иштери боюнча сырды коргоо жагын камсыз кылуу проблемалары олуттуу теориялык жана практикалык мааниге ээ. Тема кылмыш-жаза процессуалдык мыйзамдардын өзгөрүшүнө, санариптик технологиялардын ролунун өсүшүнө жана коргоо менен айыптоонун ортосундагы укуктук карама-каршылыктардын күчөшүнө байланыштуу. Бул теманы изилдөө жана мыйзамдарды өркүндөтүү боюнча конкреттүү сунуштарды иштеп чыгуу адвокаттардын жана ишеним артуучулардын укуктук корголушунун деңгээлин жогорулатууга мүмкүндүк берет, бул өз кезегинде жазык процессинде коргоо институтун бекемдейт.

**Илимий натыйжалардын ишенимдүүлүгүн негиздөө:**

**1 - Натыйжа.** Кылмыш-процессуалдык укук жаатындагы алдыңкы окумуштуулардын укуктук илимдин жана эмгектердин негизги принциптерин талдоого негизделген үчүн негиздүү жана ишенимдүү.

**2 – Натыйжа**. Жашыруун жана купуя маалыматтын укуктук категорияларын так чектөөгө методологиялык мамилени сунуш кылганы менен негизделген жана ишенимдүү.

**3 – Натыйжа**. Негизделген жана ишенимдүү, анктени жашыруун маалымат менен кесиптик купуя сырдын ортосундагы айырманы баса белгилеп, коргоо белгилерин жана укуктук механизмдерин толук баяндоо менен кесиптик сырдын бирдиктүү юридикалык түшүнүгүн берет.

**4 – Натыйжа**. Юриспруденциядагы классикалык жана заманбап илимий ыкмаларды талдоо менен тастыкталган үчүн негиздүү жана ишенимдүү.

**5 - Натыйжа**. Өзүнчө институт катары адвокаттык сырды изилдөөнү камтыйт, биринчи жолу процессуалдык аракеттерден адвокаттык сырдын кол тийбестиги концепциясы киргизилгени менен негизделген жана ишенимдүү.

**6 – Натыйжа**. уюштуруу жана техникалык чараларды камтыган маалыматты коргоонун комплекстүү тутумун иштеп чыгуу менен негизделген.

**7 – Натыйжа**. Жеке детективдердин далилдерди чогултууга катышуусунун, алардын жоопкерчилигин жана купуя маалыматты коргоону жөнгө салуунун укуктук регламентин сунуш кылган үчүн негиздүү жана ишенимдүү.

**8 - Натыйжа**. Адвокаттык сырды мыйзам деңгээлинде өзүнчө укуктук режимге бөлүү менен негизделип аныкталган.

**9 - Натыйжа**. Так эрежелери бар процессуалдык иш-аракет катары адвокаттык сурамжылоонун механизмин иштеп чыгууну камтыйт, ошондуктан негиздүү жана ишенимдүү.

**10 – Натыйжа**. Негизделген жана ишенимдүү, анткени адвокаттык сурамжылоолорду далил булагы катары таануу мүмкүнчүлүгүн көрсөткөн изилдөөлөр менен тастыкталган.

**11 – Натыйжа**. Кесиптик купуя сырды коргоо үчүн атайын укуктук чараларды сунуштаганы менен негизделип аныкталган.

**12 – Натыйжа**. Ыкчам-издөө ишмердүүлүгүнүн алкагында адвокаттык купуя сырды сактоонун жаңы механизмдерине тиешелүү болгон үчүн негиздүү жана ишенимдүү.

**13 – Натыйжа**. Адвокаттык купуя сырды жана изин суутпай издөө ишин жөнгө салуучу ченемдердин өз ара аракеттенүү көйгөйлөрүн аныктаганы менен негизделет.

**Эскертүүлөр.** Ишке оң баа берүү менен бирге стилистикалык жана грамматикалык каталардын үстүндө иштөө зарыл экендигин белгилей кетүү керек.

**7.Сунуштар.** Диссертациялык кеңештин эксперттик комиссиясы кандидаттык диссертацияга дайындоону сунуш кылат:

**Жетектөөчү уюм катары.** “Челябинск мамлекеттик университети” жогорку билим берүү федералдык мамлекеттик бюджеттик билим берүү мекемесинин укук кафедрасы Костанай филиалы (дареги: 110006, Казакстан Республикасы, Костанай облусу, Костанай шаары, А. Бородин көчөсү, 168 А) .

**Расмий оппоненттер: Кокоева Алмагүл Мухтарбековна** – юридика илимдеринин доктору, доцент

**Шимеева Жибек Шеровна** – юридика илимдеринин кандидаты доцент

**Корутунду.** Изилдөө адвокаттык купуя сырды коргоого байланыштуу укуктук ченемдерди системалаштырууга салым кошот. Иште колдонуудагы мыйзамдардын, эл аралык нормалардын жана сунуштардын комплекстүү анализи жүргүзүлүп, бар болгон укуктук

чаралар жалпыланып, классификацияланат. Бул, өз кезегинде, маалыматтарды коргоонун жаңы укуктук ыкмаларын сунуштоого шарт түзөт жана укукту колдонуудагы практиканын теориялык негиздерин бекемдейт.

Изилдөөнүн жүрүшүндө адвокаттар менен мамлекеттик органдардын, айрыкча тергөө жана ыкчам иликтөө бөлүмдөрдүн ортосундагы өз ара аракеттешүүдөн келип чыккан укуктук коллизиялар ачылат. Бул иште адвокаттык сырды коргоого байланыштуу мыйзамдык ченемдердеги карама-каршылыктар терең изилденип, анын негизинде жазык-процессуалдык укукту өнүктүрүүгө теориялык салым кошулат.

Изилдөөдө чыгарылган тыянактар жана сунуштар кылмыш-жаза процессинде жеткиликтүүлүгү чектелген маалыматтарды жүгүртүү менен байланышкан теориялык маселелерге арналган илимий изилдөөлөрдө, ошондой эле мындай маалыматтарды коргоо каражаттарын оптималдаштырууга багытталган укуктук ченемдерди иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Диссертациялык кеңештин эксперти сунуш кылынган документтерди карап чыгып, Ж.Баласагын атындагы КУУне, Б.Осмонов атындагы Джалал-Абад мамлекттик университетине жана генерал- майор Э.А. Алиев атындагы КР ИИМ Академиясына караштуу Д 12.23.668 диссертациялык кеңешине **12.00.09** – жазык процесси, криминалистика; ыкчам – иликтөө ишмердүүлүгү адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн Асанова Умутай Алибаевнанын **“Кылмыш иштер боюнча коргоо тараптын купуя сырды коргоону камсыз кылуу көйгөйлөрү”** деген темадагы диссертацияны кабыл алууну сунуш кылат.

**ю.и.к., доцент Камалова Л.Н.:** Представленная кандидатская диссертация соответствует профилю диссертационного совета. В работе проводятся исследования проблем обеспечения охраны тайны стороной защиты по уголовным делам, что полностью отвечает пунктам 1.3, 1.9, 1.11, 1.39, 1.42 паспорта специальности 12.00.09 – уголовный процесс, криминалистика, оперативно-розыскная деятельность.

**Методологическую основу исследования** составляют общие и частные научные методы. Метод диалектического познания позволил определить основные сущностные особенности правовой природы тайны в целом, а также в рамках уголовно-процессуального законодательства в частности.

**Актуальность темы диссертации** обусловлена рядом ключевых факторов, которые приобрели особую значимость в современных условиях развития уголовного судопроизводства, информационных технологий и правового регулирования.

Основополагающий принцип уголовного судопроизводства — право обвиняемого на защиту — напрямую связан с необходимостью соблюдения конфиденциальности информации, которой обладает адвокат. Нарушение адвокатской тайны может привести к серьезным последствиям, начиная от подрыва доверия между адвокатом и клиентом, заканчивая невозможностью полного и справедливого осуществления защиты. В условиях, когда защита конфиденциальных данных становится все более сложной задачей, рассмотрение и решение проблем охраны тайны стороной защиты приобретает особую значимость.

Отдельным аспектом проблемы является необходимость совершенствования правового режима адвокатской тайны. Существующие нормы регулируют вопросы защиты информации, однако они не всегда обеспечивают должный уровень правовой защиты. Например, не до конца урегулированы вопросы взаимодействия адвокатов с частными детективами, защиты информации в адвокатских досье, а также правила взаимодействия с органами расследования. Выработка комплексных правовых механизмов, которые будут

эффективно защищать конфиденциальную информацию, является одной из актуальных задач для юриспруденции.

На практике адвокаты регулярно сталкиваются с необходимостью защиты информации своих клиентов от неправомерного вмешательства. Это касается как уголовных дел, так и гражданских, административных процессов. Разработка эффективных правовых норм, обеспечивающих защиту тайны стороны защиты, будет иметь непосредственное практическое значение для юридической деятельности в целом. Выше перечисленное еще раз подтверждает актуальность темы диссертации.

**Обоснование достоверности научных результатов.** Каждое положение в диссертации подкреплено нормативными ссылками, фактами, которые соответствуют установленной законодательной практике, что делает их достоверными и обоснованными в рамках юридической логики и фактического материала.

**Теоретическое значение работы** заключается в её вкладе в развитие научных знаний в области уголовно-процессуального права, а также в обосновании необходимости совершенствования правовых механизмов для защиты конфиденциальной информации, принадлежащей стороне защиты.

Диссертация способствует углублению понимания сущности адвокатской тайны как самостоятельного института уголовно-процессуального права. Работа исследует теоретические подходы к понятию адвокатской тайны, её границам, правовым механизмам защиты, что позволяет выработать новые теоретические положения, уточняющие и дополняющие существующие доктрины. Также анализируется место и роль адвокатской тайны в структуре профессиональных тайн и её взаимодействие с другими правовыми институтами.

Таким образом, теоретическая значимость диссертации заключается в расширении и углублении научных знаний в области защиты тайны стороны защиты по уголовным делам, развитии концепций уголовно-процессуального права, а также в создании предпосылок для совершенствования законодательства и правоприменительной практики.

**Замечания.** Диссертант в положении, выносимом на защиту предполагает введение новых терминов, таких как “адвокатское досье” и “адвокатское производство”. На наш взгляд, предложение авторского определения данным терминам, было бы отличным дополнением к существующей научной новизне диссертационного исследования.

**Предложения:** Предлагается по кандидатской диссертации Асановой У.А. назначить: **в качестве ведущей организации** кафедру права Федерального государственного бюджетного образовательного учреждения высшего образования “Челябинский государственный университет” Костанайский филиал (адрес: 110006, Республика Казахстан, область Костанайская, город Костанай, улица А. Бородина, зд. 168А)

**Официальные оппоненты**: **Кокоева Алмагүл Мухтарбековна –** доктор юридических наук, доцент. **Шимеева Жибек Шеровна** – кандидат юридических наук.

Эксперт диссертационного совета кандидат юридических наук, доцент Камалова Лейла Наримановна, рассмотрев представленные документы, рекомендует диссертационному совету Д 12.23.668 при Кыргызском национальном университете имени Ж. Баласагына, Джалал – Абадском государственном университете им. Б. Осмонова и Академии МВД Кыргызской Республики им. генерал-майора милиции Э.А. Алиева, принять диссертацию Асановой Умутай Алибаевны на тему **«Проблемы обеспечения охраны тайны стороной защиты по уголовным делам»** к публичной защите на соискание ученой степени кандидата юридических наук по специальности **12.00.09** – уголовный процесс, криминалистика, оперативно-розыскная деятельность.

**Д 12.23.668 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШТИН ЧЕЧИМИ**

**1.** Асанова Умутай Алибаевнанын 12.00.09 – жазык процесси, криминалистика; ыкчам-издөө ишмердиги адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденүүгө сунуштаган диссертация боюнча эксперттик комиссиянын корутундусу **бекитилсин.**

**2. Жетектөөчү уюм катары** "Челябинск мамлекеттик университети" жогорку билим берүү федералдык мамлекеттик бюджеттик билим берүү мекемесинин укук кафедрасы Костанай филиалы (дареги: 110006, Казакстан Республикасы, Костанай облусу, Костанай шаары, А. Бородин көчөсү, 168 А).

**3. Расмий оппоненттер катары төмөнкүлөр дайындалсын:**

*Көкөева Алмагул Мухтарбековна* - юридика илимдеринин доктору, доцент, Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек эл аралык университетинин юридика-бажы факультетинин деканы

*Шимеева Жибек Шеровна* - юридика илимдеринин кандидаты, С Мамбеткалиев атындагы Чуй университетинин Юриспруденция программасынын башчысы

**4.** 2024-жылдын 31-октябрында саат 10:00 **коргоо күнү жана убактысы катары белгиленсин.**

**Диссертациялык кеңештин төрайымы,**
**ю.и.д., профессор** **Сабырова К.Ж.**

**Диссертациялык кеңештин**
**Окумуштуу катчысы**
**ю.и.д., доцент** **Абдукаримова Н.Э.**

*ю.и.д., доцент Н.Э. Абдукаримованын колтамгасын тастыктаймын*

**Ж. Баласагын атындагы КУУнун КБнын башчысы** **А. Жайнакова**